DOI: 10.33942/sit037 УДК. 398. 18.

# “МАНАС” ЭПОСУ ЖАНА РАИСА КЫДЫРБАЕВА

**М.А. Айталиева**

*К Карасаев атындагы БГУ,Бишкек*

*Илимий макалада окумуштуу, фольклор таануучу Р.Кыдырбаеванын “Манас” эпосунун айрым маселелерине, изилденишине байланыштуу жазылган илимий-теориялык эмгектерине анализ жүргүзүлдү.*

*Улуттук мурасыбыз болгон “Манас” эпосунун унутта калтырбай, мамлекеттик денгээлде эпосту коргоо боюнча мыйзамдардын жаралышына зор салымын кошкондугу жыйынтыкталды.*

***Негизги сөздөр:** эпос, генезис, фольклор, филология, энциклопедия, түш көрүү, лирика, миф, эпикалык чеберчилик.*

# ЭПОС «МАНАС» И РАИСА КЫДЫРБАЕВА

*В научной статье проанализированы научно-теоретические труды ученого, фольклориста Р.Кыдырбаевой посвященной некоторым проблемам эпоса “Манас”.*

*Были сделаны выводы о том, что большой вклад вложила в просвещению эпоса “Манас”, создании законов о защите национальной наследии на государственном уровне.*

***Ключевые слова:** эпос, генезис, фольклор, филология, энциклопедия, сноведение, лирика, миф, эпическое мастерство.*

# EPIC “MANAS” AND RAISA KYDYRBAEVA

**M.A.Aitalieva**

*K.Karasaev BGU, Bishkek, Aitalieva540@gmail.com*

*The scientific article analyzed the scientific and theoretical works of the scientist, folklorist R. Kydyrbaeva, devoted to some problems of the epic “Manas”.*

*It was concluded that a great contribution was made to the enlightenment of the epos “Manas”, the creation of laws to protect the national heritage at the state level.*

***Key words:** epos, genesis, folklore, philology, encyclopedia, novelty, lyricism, myth, ethical, skill.*

Р.З. Кыдырбаева кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгын изилдөөгө зор салымын кошкон окумуштуу. Ал “Манас” эпосунун генезиси” деген темада докторлук ишин коргоду. Окумуштуу “Манас” эпосундагы традициялык жана индивидуалдык маселелерине карата,” “Манасчынын айтуучулук чеберчилиги”, “Манас” эпосунун генезиси”, “Манас” эпосунун варианттары,” “В начале было слово”, “Кыргызско-монгольские эпические паралели”, “Мезгилдер муундар жана манасчы” аттуу илимий макалаларын жарыялап, эпос боюнча ондогон кандидаттык диссертацияларга жетекчилик кылган.

“Алыкулду аздектеген Раиса эже” аттуу “Кыргыз туусу” гезитине жарыяланган макаланын автору Бактыгүл Мундузова төмөнкүдөй оюн билдирген: “Редактору К.Асаналиев болгон ушул монографиясынын негизинде 1957- жылы филология илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны ийгиликтүү коргойт. Ошол жылдары “Манас” эпосун изилдөөгө, кошмо варианттарын чыгарууга көңүл бурулгандыктан, Р. Кыдырбаева да ал ишке тартылган. Мектепти орусча бүтүрүп, Москвада да ошол эле тилде окуган жана мурда фольклор менен иштеп көрбөгөндүктөн “Манас” секторундагы алгачкы жылдарында аябай кыйналууга, түйшөлүп иштөөгө туура келет. Эпикалык зор чыгарманы окуп чыгуудан тышкары анын жалпы мазмунуна же айрым окуяларына илимий – изилдөөчүлүк мамиле жасоодо эң алгач ар кандай сөздүктөр менен да тынбай эмгектенген. Ошентип, катардагы илимий кызматкерден сектор-бөлүм башчылыкка жана “Манас” эпосун изилдөө тобунун жетекчисине чейин көтөрүлүп, манас таанууга маанилүү салымдарды кошот”. Кыргыз эли үчүн баалуу эмгектерди жараткан, илимге опол тоодой эмгегин сиңирген илимпоз тууралуу тилекке каршы, атайын системалуу изилдөөлөр жүргүзүлбөй, бааланбай келе жаткандыгы зээнди кейитпей койбойт. Илимий макалабыздын актуалдуулугу да ушунда.

Окумуштуу эпосту изилдөө менен катар эле аны мамлекеттик деңгээлде коргоо иштерине салымын кошуп келет. “Манас” эпосунун катаал бир учуру” аттуу илимий макаласында, мындайча оюн билдирген: “1952-жылы июнь айында «Манас» эпосуна арналган чоң авторитеттүү окумуштуулардын, жазуучулардын, коомдук ишмерлердин кеңири чөйрөсүнүн катышуусу менен илимий конференция болуп өткөн. Конференциянын алдында , «Манас» эпосу элдикпи же элдик эмеспи деген бир гана суроо коюлган. Конференцияга катышкандар бул суроого же оң, же терс жооп бериш керек болчу. Маселенин ушундайча коюлушу «Манас» эпосунун тагдыры кыл учунда деген сөз эле. Ошол мезгилдеги эпоско карата болгон саясый кырдаалды эске келтирсек, калмак элинин «Жаңгары», өзбек элинин «Алпамышы», азербайжан элинин «Деде Коркуту», казак элинин «Эдигеси» элдик эмес деп табылып, тыюу салынган чыгармалардын катарына кирген. Ушуга караганда эмки кезек «Манас» эпосуна да жетип калган болучу. Бул жерде конференцияга чейин «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия» газеталарынын беттеринде жүргөн талкууну да эске ала кетиш керек. Себеби бул талкуунун жүрүшүндө «Манас» эпосуна карата келишпес карама-каршы эки тенденция, эки көз караш бар экени ачыкка чыкты. Биринчиси – түздөн-түз каралоочулар, жокко чыгаруучулар. Бирок баарынан да «Манас» эпосунун тагдыры чечүүчү факторго – ошол учурдагы советтик турмуштун идеологиялык саясый абалына, жалпы союздук масштабда космополиттердин, улутчулдардын, ар түрдүү саясый кылмышкерлердин «бети ачылып», аёосуз түрдө репрессияга дуушар болуп турган учурга байланыштуу болчу» [10].

1973-жылы «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки» — элдик оозеки чыгармалардын ар кыл жанрлары боюнча изилдөө иштери топтоштурулган эмгекке белгилүү фольклорист, окумуштуулар —С.Байкоджоев, Ж.Таштемиров, С. Закиров, Б. Кебекова, А.Токомбаева, М.Мамыров менен авторлош болгон. Анда эмгек, үйлөнүү-үлпөт, дин, сүйүү ырлары, ырым жана дарымдар, миф жана легенда, кошок, арман, санат, терме өңдүү темаларга арналган чыгармалар боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Бул эмгектен кыргыз элинин өткөндөгү тарыхынан, маданиятынан, салт-санаасынан кеңири түшүнүк алууга болот. «Кыргыз эпостору» аттуу бөлүмдө «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Эр Төштүк», «Жаныш, Байыш», «Курманбек», «Эр Табылды», «Жаңыл Мырза», «Кожожаш», «Мендирман», «Саринжи Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Кедейкан» сыяктуу эпосторго кеңири орун берилип, алардын идеялык, көркөмдүк касиеттери талдоого алынган. Өзгөчө, «Манас» үчилтиги ар тараптан иликтенип (тарыхыйлуулугу, образдар системасы, поэтикасы ж. б.), жыйнактын кыйла бөлүгүн ээлейт. ошондой эле изилдене элек эпикалык чыгармалар боюнча жалпы маалымат берилип, аларды изилдөөнүн зарылдыгы жана жалпы багыттары белгиленген.

Жыйнактын аягында «1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүшү элдик поэзияда», «Кыргыз элинин советтик доордогу оозеки чыгармаларынын өсүү жолдору» өңдүү макалалар берилип, ошол учурда пайда болгон чыгармалардын жалпы мүнөзү, маани-мазмуну, көркөмдүгү жана алардагы элдик эстетиканын чагылдырылышы чечмеленет. Жыйнактагы материалдар советтик идеологиянын негизинде жазылгандыктан, фольклористика илими талап кылган айрым принциптер бузулган учурлар кездешет. Идеологияга кайчы келген айрым элдик түшүнүктөр жымсалдатылган же такыр эле сөзгө алынган эмес. Ошондой болсо да, бул эмгек убагында жогору бааланып, фольклористикага кызыккандардын: мектеп мугалимдеринин, жогорку окуу жайлардын филолог мугалимдеринин, студенттердин, аспиранттардын табылгыс окуу куралы болуп келгендиги, ал азыр да өз сапатын таптакыр жоготуп коё электигин танууга болбойт. Себеби, фольклористика илими көбүнчө консервативдик мүнөздө болуп, мезгилдик идеологияларга тиешеси аз болот. Андыктан, ошол учурда айтылган пикирлердин көпчүлүгү азыр да жарактуу. Айрыкча элдик чыгармалардын көркөм түзүлүшү, жанрдык табияты туурасындагы пикирлер учурда да өз кунун жоготкон жок. Албетте, кийинки учурлардагы изилдөөлөр «Очеркти» кайталап калган жок, алар элдик чыгармалардын идеялык жактарын учур талабына ылайыктап, ошол эле учурда мурда айтылган негиздүү пикирлерди андан ары тереңдетишти. «Манас» эпосу — кыргыз элинин тарыхын гана эмес, анын турмушунун, жашоо-тиричилигинин түрдүү жагын: этникалык курамын, чарбасын, күндөлүк тиричилигин, салт-санаасын, адеп-ахлагын, эстетикалык табиятын, жүрүм-

турумунун жол-жобосун, адамдык оң-терс сапаттар жөнүндөгү бааларын, айлана чөйрөгө, жаратылышка карата мамилесин, көз карашын, диндик түшүнүгүн, астрономиялык, географиялык жана башка билимдерин, элдик поэтикасын жана тилин кеңири арымда чагылдырган нукура эпикалык чыгарма. «Манаста» баяндалган окуялар эң биринчи иретте кыргыз элинин тарыхынын байыркы доорун сүрөттөйт.

Жаңыл Купешова радиого берген интервьюсунда: «Закон «Об эпосе «Манас»» был давно ожидаемым», - заявила сегодня в Бишкеке на церемонии подписания данного документа Раиса Заитовна Кыдырбаева. Она отметила, что он подписан в такой момент, «когда вокруг эпоса возник целый пакет неотложных проблем». Этот законодательный акт призван привлечь внимание к нематериальному наследию кыргызов. Р.Кыдырбаева считает, что закон – целенаправленное решение самых жгучих вопросов сегодняшнего манасоведения: «Неслучайно ЮНЕСКО охарактеризовало сказительское и акынское творчество кыргызов – шедевром человечества. Предлагаемые в принятом законе меры развития творчества сказителей в настоящее время заставляют задуматься над тем, как и в какой форме будет в будущем бытовать и развиваться это направление культуры» - деген маалымат берген. Мында мурастын мамлекеттик деңгээлде колго алынып, сакталып калышына, муундан-муунга калтырылышына, манастаануу илиминин жанданышына карата Р.З.Кыдырбаеванын жасаган аракети ачык көрүнөт. [3].

Соңку мезгилдерде дагы Раиса Кыдырбаева "Манас" эпосун ар тараптуу изилдөөсүн токтоткон жок. 1995-жылы түзүлгөн энциклопедияга да авторлук түзүмдө болуп, мазмундуу бөлүмдөрдү кошумчалады:

Жыйынтыгында, «Манасты» изилдөө иштеринде илимий эмгектери жарык көргөн кайсы окумуштууларды атасак болот?-деген суроого жооп берген К.Талиеванын жообуна кайрылалы: "Айтылуу залкар фольклорист-окумуштуу, илимдин доктору, профессор Раиса Кыдырбаеванын «Манас» эпосундагы салттуулук жана индивидуалдуулук маселелерине карата «Манасчынын айтуучулук чеберчилиги», «Манас» эпосунун генезиси» ж.б. эмгектерин атасак болот. Белгилүү окумуштуу Эсенаалы Абдылдаевдин "Манас" эпосундагы эпикалык формулалар", "Манас" эпосунун историзми", "Манас" эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары" ж.б.эмгектерин, ошондой эле, Райкул Сарыпбековдун эпостогу эволюция маселесине карата бир катар эмгектерин атоого болот [12**]**.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. ***Абдылдаев Э.*** *Кыргыз фольклорунун тарыхынан. – Ф.: - 1983.*

2. ***Абдылдаев Э.*** *«Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары, - Ф.: - 1981.*

3. ***Р.Кыдырбаева:*** *Закон «Об эпосе «Манас»» был давно ожидаемым Бишкек, 28 июня /Жаныл Купешева – Кабар.*

4. ***Кудайбергенов К.*** *Кыргыз эпосунун негизги типтери, - Ф.: - 1970.*

5. ***Кыдырбаева Р.З.*** *Эпос «Манас». Генезис. Поэтика. Сказительство.-Б.:-1996.*

6. ***Кыдырбаева Р.З.*** *Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр, - Б.: - 2009.*

7. ***Кыдырбаева Р.З.*** *Кыргыздардын көркөм сөз мурастарындагы маселелер, - Б.: - 2001.*

8. ***Кыдырбаева Р.З.*** *К проблеме традиционного и индивидуального в эпосе «Манас», - Ф.: - 1967.*

9. ***Кыдырбаева Р.*** *"Манас" эпосунун катаал бир учуру. On 29.05.2017 By oshakir.*

10. ***Манас.*** *Кыскартылып бириктирилген вариант. – 1б., 2-китеп, 250 б.*

11. ***«Манас»,*** *кошок, жар-жар… И.Арабаев атындагы КМУнун Манас таануу институтунун доценти, Камила ТАЛИЕВА менен ушул темада маектештик.*

12. ***Манас Энцикопедия.*** *Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы «Мурас» илимийпропагандалык ишкер долбоору Бишкек, 1995.*